**МАКУЛДАШЫЛДЫ**

ТалМУнун кесиптик кошуунунун

төрагасы Э.Абдыраимов ________

«_14_»___12____2017-жыл

**БЕКИТЕМИН**

ТалМУнун ректору

А.Ш.Упенов ________

«_14_»_____12_____2017-жыл

## Талас мамлекеттик университетинин айрым категориядагы студенттерине контракт төлөөдөн жеңилдиктерди берүү боюнча жобосу

Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министирлигинин «Айрым категориядагы студенттерге окуу үчүн төлөнүүчү контракттан жеңилдик берүү» жөнүндөгү жобосунун негизинде Талас мамлекеттик университети окуу жайда окуган студенттерге контракт төлөөдөгү төмөндөгү жеңилдиктерди киргизет:

1. Окуунун жалаң мыктыларына 25%га чейин жеңилдиктер берилет:
   1.1. Эгерде студент бир сабагынан орто баа алып жетишпей калса, анда студенттин жеңилдиктери токтотулат.
2. Тоголок жетимдерге:
   2.1. Ата-энесинин экөө тең түрдүү себептердин негизинде кайтыш болуп калса, студентти эч ким өз көзөмөлүндө карап, жардам бербесе же багып албаган болсо 50%га чейин жеңилдиктер берилет.
3. Эгерде бир үй-бүлөдөн университеттин контракттык бөлүмүндө 2 же 3 студент окуса, анда студенттин бирөөсүнө 20%га чейин жеңилдиктер берилет.
4. Бала күнүнөн майып болгон, бирок окуй алган студенттерге 20%га чейин жеңилдик берилет.
5. Ата-энеси 1,2–топтогу майып болсо, ал студентке 20%га чейин жеңилдик берилет.
6. Жарым жетим студенттерге 25%га чейин жеңилдик берилет.
7. Көп үй-бүлөлүү студенттерге;
   7.1. Эгерде студенттин үй-бүлөсүндө 7 бала тарбияланса, анда ал студентке 20%га чейин контракттан жеңилдик берилет.
8. Ата-энесинин бири университетте иштегенине 4 жылдан ашса, ал күндүзгү бөлүмдө окуган студентке 20%га чейин жеңилдик берилет.

9.Күндүзгү бөлүмдө окуган студенттин 3 же андан көп баласы бар болсо 20%га чейин жеңилдик берилет.

10.Ата-энелик укуктарынан ажыратылган үй-бүлөнүн балдарынын бири окуса, анда аны томолой жетим катары кароо менен 50%га чейин жеңилдик берилет.

11.Талас мамлекеттик университетинин кызматкерлерине;

12. Эгерде университеттин кызматкери окуу жайда 3 жылдан кем эмес иштесе, өзү сырттан окуу бөлүмүндө окуса, ал кызматкерге 25% чейин контрагынан жеңилдиктер берилет. 6-курста жеңилдиктер токтотулат.

13. Университетинин окутуучуларына, кызматкерлерине 2-жогорку билим алууда контракттан жеңилдиктер каралбайт.

14. Университеттин октуучулары, кызматкерлери, кандайдыр бир себептер менен башка кызматка которулуп же жумуштан чыгып кеткен учурда контрактан жеңилдиктер жумуштан чыккан күнү токтотулат.

15. Ооган, Баткен согушунун катышуучуларынын балдарынын бирине 15%га чейин бир жолку жеңилдиктер каралат.

**Жеңилдиктерди алууда керектүү иш кагаздары:**

1. Студенттин туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн көчүрмөсү (2.6.7. пункттар боюнча жеңилдиктер каралганда).
2. Студенттин паспортунун көчүрмөсү.
3. Ата-энесинин өлгөндүгү туралуу ЗАГСтан аныктама, герби бар мөөр менен ырасталган.
4. ВТЕКтен студенттин майыптыгы туралуу, ата-энесинин майыптыгы туралуу аныктама, герби бар мөөр ВТЕКтин мөөрү басылган.
5. Окуунун мыктыларын аныктаган деканаттын мөөрү басылып, декандын колу коюлган студенттин жетишүү табели тиркелет.

**Комиссияга даярдалып берилген ар бир документ үчүн деканат жана ошол документтерди, аныктамаларды берип жаткан инстанциялар жооптуу. Эгерде жеңилдик сураган студенттин керектүү документтери жок болсо жана талапка ылайык келбесе, ал студентке жеңилдиктер каралбайт.**

ЖОБО ТалМУнун Окумуштуулар кеңешинин

2017-жылдын 14-декабрдагы №4 протоколу менен бекитилген.

**ТалМУнун КББ** А.К. Атыканова